**Коомдук илимдер жана дене тарбия кафедрасынын декадада жүргүзүлгөн иш-чараларынын отчет анализи.**

2021-2022-окуу жылында декада өткөрүүдө жылдагыдай болбостон, шаардык билим берүү башкармалыгы тарабынан түзүлгөн план боюнча 17-ноябрдан 27-ноябрга чейин өткөрүлдү. Декаданы өткөрүү боюнча алдын-ала планы түзүлүп , мектептин УБ нин методисти тарабынан макулдашып, гимназия-интернатынын директору тарабынан бекитилди. Декададанын ачылышынан кийин тарых предметине тиешелүү темада дубал газеталар конкурсу 8-11-класстар арасында болду. Декадада тарых мугалими Мусаева Ж.К. 10-класста "Борбордук Орто Азия орто кылымдарда", 6-класста "Үй-бүлөнүн коомдогу ролу" деген темаларда ачык сабак өттү. Сабак өтүүдө өзүнүн тажрыйбалуу адис катары 10-класста аралаш , 6-класста билимдерди колдонуу жана билгичтик көндүмдөрдү калыптандыруу деген типтерде сабак өттү. 10-класста түгөйү менен иштөөдө тиркемедеги концептуалдык картаны толтуруу, бири-бирине суроо берүү менен бышыктады. 6-класста үй тапшырмасын текшерүүдө түгөйү менен иштөө, таблица толтуруу , жаңы темада берилген тиркеме боюнча топтордо иштөө долбоор түзүү менен иштешти. Мындан тышкары мектептин мугалимдер жамаатына "Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун бирдиктүү системасын түзүү" деген темада доклад окуп, баалоонун түрлөрү жана баалоодо эмнелерди эске алуу керектигине токтолуп өттү. Адам жана коом предметинен Майтыкова Ш.К. 10-класста "Эмоциялар жана чыр-чатактар", 9-класста "Керектөөлөр. Маслоу пирамидасы" деген темаларда ачык сабак өттү. Сабактарды өтүүдө кайталоо тибинде болгондуктан окуучулар алдын-ала топторго бөлүнүп берилген тапшырмалар боюнча долбоордук иш катары слайддарды түзүп, практикалык суроолор менен иштешти. Мугалим ар кандай интерактивдүү ыкмаларды колдонду, окуучулар жакшы даярданып так туура жооп бергени бул мугалимдин жетишкендиги. Тарых мугалими Эгембердиева Т.Т. 5-а класста "Геральдика " темада жаңы материалды оку-үйрөнүү сабагы тибинде өтүлдү. Тарых 5-класска жаңы кирген предмет катары таанып-билүү, мамлекеттик ыйык белгилерди сыйлоо, кадырлоо тууралуу таанышышты. Сабакта кластер, сүрөттөргө баяндама берүү, тексти толуктоо, салыштыруу жана блиц суроолорго жооп берүү усулдары колдонулуп, көргөзмөлүү,слайд, видеоматериалдарды колдонуп өтүлдү.Окуучулар сабакка активдүү катышышты.Мындан тышкары Ж.Абдрахмановдун 120 жылдыгына арналган "Улут лидери-Ж.Абдрахманов " деген темада 9-11-класстарда тарыхый кече болду. Анда декламация, тарыхый инсандын өмүрү, мамлекеттик ишмердүүлүгү боюнча слайд, видео материал менен эскерүүлөр, күндөлүгүнөн үзүндүлөрдү айтышты жана Ж.Абдрахманов тууралуу түзүлгөн суроолорго жооп беришти.Сабакка катышкан мугалимдердин пикири боюнча жалпы жонунан сабактар жогорку деңгээлде өтүлдү деп эсептешти. Дене тарбия мугалими 8-а класста "Баскетболдун эрежесин үйрөнүү", 11-класста "Баскетбол. Топту тутуу эрежелери" деген темада ачык сабактарды өтүүдө окуучулардын формасына көнүл буруу, жеңил көнүгүүлөрдү аткаруу, эрежелерди сактоо менен өтүлдү.Мугалим тажрыйбалуу, окуучулар сабакка активдүү катышышты.